**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

# №9 ЧЕЧИМ

2020-жылдын 2-апрели Кара-Суу шаары

Катышышты:
Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова
мүчөлөрү - Султанов Н., Мойдунов Т., Раева Ы., Кадыров К., Таев А., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Айдаров М., Мамашев М.

**Күн тартиби:**

1. **Нариман айылдык кеңешинин талапкерлеринин үгүт иштери боюнча материалды кароо боюнча.**

**Угулду:** Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов – Урматтуу кесиптештер, 2021-жылдын 29-мартында Кара-Суу районунун Нариман айыл аймагындагы №69 Ч.Айтматов орто мектебинин спорт аянтчасында Нариман айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлер Э.Курбанов, Кабыл, Шакир, Камилжан, Зарипа аттуу талапкерлер топ оюндарын уюштуруп, элге тамак таркатып жаткандыгы боюнча М.Садыков аттуу жаран кабарлаган.

Бул факты боюнча Кара-Суу ички иштер бөлүмү тарабынан иликтенип, топтолгон материалдардан кылмыштын же жоруктун белгилери аныкталбагандыктан, жыйналган материалдар номенклатуралык көктөмгө тиркелген.

Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан аталган талапкерлерден түшүнүк каттар алынды. Талапкерлер М.Паттахунова өз маалыматында аталган футболдук турнир Жаштар комитети тарабынан жыл сайын уюштурула турган иш-чара экендигин, уюштуруучулар чакыргандыктан, жергиликтүү кеңештин депутаты катары сөз сүйлөп, 2016-2020-жыл ичинде аткарылган иштер боюнча маалымат берилгендигин жана депутат болуп шайланып калса, жергиликтүү бюджеттин эсебинен спорт аянтчаларын, ФАП курууну демилгелеп жаткандыктары боюнча билдирди.

Талапкер К.Абдибаит уулу, М.Гапиров, М.Хасыловдор уюштурулган футболдук турнирге эч кандай тиешеси жок экендиктерин билдиришти.

Талапкер К.Эркинбай уулу футболдук турнирге эч кандай тиешеси жок, экендигин жашоочу катары футбол көргөнү баргандыгын билдирди.

Жогорудагылардын негизинде, үгүт иштеринде Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо" жөнүндөгү Мыйзамынын талаптары сакталбагандыгына байланыштуу талапкер М.Паттахуновага, К.Абдибаит уулун, М.Гапировго, М.Хасыловго, К.Эркинбай уулуна эскертүү берүү сунушу добушка коюлду.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 11, Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Кара-Суу АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**

**Чечим кылат:**

1. Нариман айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлер М.Паттахуновага, К.Абдибаит уулуна, М.Гапировго, М.Хасыловго, К.Эркинбай уулуна үгүт учурунда кетирген кемчиликтери үчүн эскертүү берилсин.

2. Чечимди аткаруу жагы Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Ж.Молдожановага милдттендирисин.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ж.Молдожанова**